**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛУСУ**
**КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН**
**ИСХАК-ПОЛОТХАН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**
Iskhak_polothan@mail.ru

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**
**ИСХАК-ПОЛОТХАНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**
Iskhak_polothan@mail.ru

---

**Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин жетинчи чакырылыш кезектеги жыйырма тогузунчу сессиясы**

**16.08. 2023-жыл.** **ТОКТОМ №93** **Жениш айылы.**

**Кадамжай районунун Исхак-Полотхан айыл аймагынын Жеңиш айылындагы жаңыдан курулган мектепке ат берүү жөнүндө**

Исхак-Полотхан айылдык кеңешинин кезектеги жыйырма тогузунчу сессиясында сунушталган маселелерди, Кадамжай райондук билим берүү бөлүмүнүн 09.08.2014-жылдагы № 01-07/125 катын талкуулап чыгып, Исхак-Полотхан айылдык кеңеши токтом кылат:

1. Кадамжай районунун Исхак-Полотхан айыл аймагынын Жеңиш айылында жаңыдан курулган мектеп төмөндөгүдөй аталсын:

Мамлекеттик тилде: “Кадамжай районундагы №85 Жусуп Баласагын атындагы орто жалпы билим берүү мектеби” мекемеси.
Расмий тилде: Учреждение “Средняя общее образовательная школа №85 имени Жусупа Баласагына” Кадамжайского района”.

2. Юридикалык дареги: Баткен облусу, Кадамжай району, Исхак-Полотхан айыл аймагы, Жеңиш айылы Д.Бабаназаров көчөсү №20.

3.Мекемени мамлекеттик каттоодон өткөрүү Кадамжай райондук билим берүү бөлүмүнө сунушталсын.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин мыйзамдуулук, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, регламент, депутаттык этика жана мандат боюнча комиссиясына жүктөлсүн.

5. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана айылдык кеңештин регламентинин талаптарына ылайык ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин ченемдик укуктук актыларынын реестрине каттоо жагы айылдык кеңештин жооптуу катчысы О.Шакировго милдеттендирилсин.

**Төрага** **Кожонов З.Ы.**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛУСУ**
**КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН**
**ИСХАК-ПОЛОТХАН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**
Iskhak_polothan@mail.ru

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**
**ИСХАК-ПОЛОТХАНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**
Iskhak_polothan@mail.ru

---

**Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин жетинчи чакырылыш кезектеги жыйырма тогузунчу сессиясы**

**16.08. 2023-жыл.** **ТОКТОМ №94** **Жениш айылы.**

**Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнүн отчетун бекитүү жөнүндө**

Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин жетинчи чакырылыш кезектеги жыйырма тогузунчу сессиясына сунушталган маселелерди, Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнүн 2023-жылдын 1-жарым жылдыгында айыл аймагынын социалдык-экономикалык өнүгүү багытында аткарган иштери боюнча отчетун угуп, талкуулап чыгып, Исхак-Полотхан айылдык кеңеши токтом кылат:

1. Исхак-Полотхан айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2023-жылдын 1-жарым жылдыгында айыл аймагынын социалдык-экономикалык өнүгүү багытында аткарган иштери боюнча отчету бекитилсин.

2. Сессиянын жүрүшүндө айтылган сунуштар, сын пикирлер эске алынсын.

3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет, инвестиция, экономика, ишкердик иштери жана коомдук уюмдар боюнча туруктуу комиссиясына жуктолсун.

4. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана айылдык кеңештин регламентинин талаптарына ылайык ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин ченемдик укуктук актыларынын реестрине каттоо жагы айылдык кеңештин жооптуу катчысы О.Шакировго милдеттендирилсин

**Төрага** **Кожонов З.Ы.**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛУСУ
КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН
ИСХАК-ПОЛОТХАН АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ
Iskhak_polothan@mail.ru

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ
ИСХАК-ПОЛОТХАНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА
Iskhak_polothan@mail.ru

**Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешининин жетинчи чакырылыш кезектеги жыйырма тогузунчу сессиясы**

**16.08. 2023-жыл. ТОКТОМ №95 Жениш айылы.**

**Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнүн 2023-жылдын бюджетине өзгөртүүлөр жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө**

Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин жетинчи чакырылыш кезектеги жыйырма тогузунчу сессиясына сунушталган маселелерди, Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнүн сунушун талкуулап чыгып, айылдык кеңештин жыйырма тогузунчу сессиясы токтом кылат:

1. Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнүн 2023-жылдын бюджетине кошумча кирешелер №1 тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнүн 2023-жылдын бюджетинин чыгашалар бөлүгүнө №2 тиркемеге ылайык өзгөртүүлөр киргизилсин.

3. Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнүн 2023-жылдын бюджетине тийиштүү өзгөртүүлөрдү киргизүү жагы Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнө (Ж.Дыкановго) милдеттендирилсин.

4. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет, инвестиция, экономика, ишкердик иштери жана коомдук уюмдар боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

5. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана айылдык кеңештин регламентинин талаптарына ылайык ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин ченемдик укуктук актыларынын реестрине каттоо жагы айылдык кеңештин жооптуу катчысы О.Шакировго милдеттендирилсин.

**Төрага Кожонов З.Ы.**